**ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫ
МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ЖАНА МЕКТЕПТЕ БИЛИМ БЕРҮҮ
МИНИСТРЛИГИ АДИСТЕШТИРИЛГЕН БИЛИМ БЕРҮҮ
МЕКЕМЕЛЕРИ АГЕНТТИГИ АЛДЫНДАГЫ ПЕДАГОГИКАЛЫК
ЧЕБЕРЧИЛИК ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК БААЛОО ИЛИМИЙ-
ПРАКТИКАЛЫК БОРБОРУ**

# ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ БАГЫТЫ БОЮНЧА ТАЛАПКЕРЛЕРДИ ТАНДОО НЕГИЗИНДЕ ЖУМУШКА КАБЫЛ АЛУУ СЫНООСУНДА КОЛДОНО ТУРГАН ТЕСТ ТАПШЫРМАЛАРЫ СПЕЦИФИКАЦИЯСЫ

**Ташкент – 2026**

# ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ БАГЫТЫ БОЮНЧА ТАЛАПКЕРЛЕРДИ ТАНДОО НЕГИЗИНДЕ ЖУМУШКА КАБЫЛ АЛУУ СЫНООСУ ҮЧҮН ТЕСТ ТАПШЫРМАЛАРЫ СПЕЦИФИКАЦИЯСЫ

Бул спецификация башталгыч билим берүү багыты боюнча педагогдорду жумушка кабыл алуу сыноосунда колдоно турган тест тапшырмаларынын мазмуну, камтуусуна, түрүнө, формасына, баалоо критерийлерине жана өткөрүү тартибине коюлган талаптарды чагылдырат.

## I. Жалпы принциптер

Баалоонун негизги максаты - башталгыч билим берүү мугалимдеринин предмет боюнча теориялык билимдерин, практикалык көндүмдөрүн, лабораториялык иштерди уюштуруудагы компетенттүүлүгүн, башталгыч билим берүүдөгү окутуу методологиясын билүүсүн, педагогикалык чеберчилигин жана кесиптик компетенттүүлүгүн комплекстүү баалоо. Баалоонун жыйынтыктары мугалимдерди педагог кадрларды кесиптик сертификациялоо процессинде чечим кабыл алуу үчүн негиз болуп кызмат кылат.

## II. Нормативдик-укуктук негиздер

1. Өзбекстан Республикасы Мектепке чейинки жана мектепте билим берүү министрлигинин 2026-жыл 15-июндагы 203-сандуу “Мектепке чейинки жана мектепте билим берүү минстрлиги системасындагы мамлекеттик мектепке чейинки билим берүү мекемелери жана орто билим берүү уюмдары кадрларын тандоо негизинде жумушка кабыл алуу иш-чаралары жөнүндөгү буйругу.

## III. Баалоонун көлөмү

Башталгыч билим берүү мугалимдери үчүн адистик предметинен 40 тест тапшырмасы берилет жана аларды аткаруу үчүн 60 минут убакыт бөлүнөт. Тест тапшырмаларында жабык тест тапшырмалары *(жалгыз туура жоопту талап кылган (Y1), дал келтирүүнү талап кылган (Y2) жана ырааттуулукту талап кылган тест тапшырмалары (Y3)* колдонулат. Тест тапшырмаларынын мазмун тармагы жана баалана турган билим жана көндүмдөр боюнча бөлүштүрүлүшү төмөндөгү таблицада чагылдырылган:

**Адистештирилген предмет боюнча түзүлө турган тесттик тапшырмалардын мазмундук тармагын жана бааланыучу билим менен көндүмдөрдүн бөлүштүрүлүшү**

*1-таблица*

| Мазмун тармагы | Баалана турган конструктор | Тестте р саны |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| **1. ОКУУ САБАТТУУЛУГУ** | | |
| 1.1. Текстти окуп түшүнүү жана логикалык талдоо | - Илимий жана көркөм тексттердеги негизги идеялар менен фактыларды аныктоо;<br>- Чыгарманы логикалык жактан талдоо жана тыянак чыгаруу;<br>- Чыгарманын темасын, каармандарын жана стилдик ыкмаларын аныктоо. | 3 |
| 1.2. Элдик оозеки чыгармачылык | – Оозеки эл чыгармачылыгынын үлгүлөрүн мазмуну, идеясы жана формасы жагынан талдоо; | 1 |
| 1.3. Адабий жанрлар. Көркөм искусстволор | -Адабий теория боюнча билимди колдонуу;<br>-Жанрдык касиеттерин жана көркөм искусстволорду аныктоо жана айырмалоо; | 2 |
| 1.4. Кыргыз жана дүйнөлүк балдар адабияты өкүлдөрүнүн өмүрү жана | Адабий салыштыруу<br>– кыргыз жана дүйнөлүк адабияттын, ошондой эле заманбап авторлордун чыгармаларынын мазмунун жана көркөмдүк жактарын аныктоо;<br>– каармандарды жана окуяларды талдоо;<br>– тексттеги мезгилдик үзгүлтүксүздүгүн, хронологиясын жана окуялардын ырааттуулугу; | 3 |
| **2. Эне тили** | | |
| 2.1. Кеп тыбыштары, орфография, фонетикалык кубулуштар. | -Фонетикалык жана орфографиялык – тыбыштарды талдоо;<br>-Жазуу эрежелерин практикада колдонуу, фонетикалык кубулуштарды айырмалай билүү; | 2 |
| 2.2. Түз жана өтмө маани, омоним, пароним, синоним, антоним, фразеологизмдер | -So‘zning shakl va ma’no munosabatiga ko‘ra turlarini aniqlash, ibora va tasviriy ifodalarning ma’nosini tahlil qilish;<br>-Сөздөрдүн лексикалык маанилерин, ошондой эле түз жана өтмө маанилерин айырмалоо;<br>-Сөздүн форма менен маанинин ортосундагы байланыштын негизинде сөз түрлөрүн аныктоо жана туруктуу сөз айкаштары менен көркөм боёктуу сөз каражаттарын маанилерин талдоо; | 2 |
| 2.3.Уңгу жана мүчөлөр. Мүчөлөрдүн | -Сөздүн составын талдоо жана сөздөрдү маанилүү бөлүктөргө ажырата билүү. | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| классификациясы. | -Туунду, лексикалык жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн функцияларын аныктоо жана аларды кепте туура колдонуу. | |
| 2.4. Маани берүүчү сөз түркүмдөрү. Кызматчы сөз түркүмдөрү. Өзгөчө сөз түркүмдөрү. | - Маани берүүчү сөз түркүмдөрү. Кызматчы сөз түркүмдөрү.<br>-Алардын түрлөрүн талдоо, форма жасоочу менен сөз жасоочу мүчөлөрдү айырмалоо жана жөнөкөй туунду сөздөрдү аныктоо.<br>-Грамматикалык бирдиктерди морфологиялык талдоо.<br>- Маани берүүчү сөз түркүмдөрүн, кызматчы сөз түркүмдөрүн жана өзгөчө сөз түркүмдөрүн грамматикалык белгилеринин негизинде айырмалоо. | 4 |
| 2.5. Пунктуация | - Тыныш белгилеринин түрлөрүн жана аларды колдонуу эрежелерин билүү; тыныш белгилеринин сүйлөмдөгү мааниге жана интонацияга тийгизген таасирин түшүнүү жана жазуу жүзүндөгү баарлашууда тыныш белгилерин туура жана орундуу колдонуу; | 1 |
| 2.6. Сөз айкашы, сүйлөм, сүйлөм мүчөлөрү | - Синтаксистик түзүлүштү — сүйлөмдүн курамын, байланыш түрлөрүн жана башка сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдү талдоо. | 1 |
| **3. МАТЕМАТИКА** | | |
| 3.1. Натурал, бүтүн бөлчөк сандар. Ондук бөлчөктөр | - Натуралдык сандарды, бүтүн сандарды жана бөлчөктөрдү аныктай билүү;<br>- Сандардагы орун маанилерин түшүнүү;<br>- Бүтүн сандар менен бөлчөктөрдүн айырмалоо; сандарды иреттөө; бөлчөктөрдү жана бүтүн сандарды салыштыруу;<br>- Берилген санды рим цифралары менен жазуу; | 4 |
| 3.2. Амалдар жана алгебралык ой жүгүртүү | -Өзгөрмөлөрдү жана алгебралык туюнтмаларды аныктоо;<br>-Теңдемелерди жана барабарсыздыктарды түзүү;<br>-Жөнөкөй алгебралык туюнтмаларды логикалык жактан жөнөкөйлөтүү;<br>-Алгебралык ой жүгүртүүнү талдоо; | 4 |
| 3.3. Геометрия жана өлчөө | -Геометриялык фигуралардын периметрин, аянтын жана көлөмүн эсептөө; Фигураларды жана өлчөө жыйынтыктарын математикалык формулаларды колдонуу менен туюнтуу; ар кандай фигуралардын периметрлерин жана аянттарын салыштыруу; | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| | берилген өлчөөлөргө негизделген геометриялык маселелерди чыгаруу;<br>-Өлчөө жыйынтыктарын таблицаларды, диаграммаларды же чиймелерди колдонуу менен көрсөтүү; өлчөө жыйынтыктарын салыштыруу; | |
| 3.4. Ыктымалдуулук теориясы жана маалыматтар менен иштөө | Окуянын ыктымалдуулугун түшүнүү; ар кандай маалымат топтомдорун жана ыктымалдуулук натыйжаларын салыштыруу;<br>Маалыматтарды ар кандай форматтагы (таблицалар, диаграммалар, графиктер) окуй билүү жана статистикалык көрсөткүчтөрдүн ортосундагы айырмачылыктарды түшүнүү; | 2 |
| **4. ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР** | | |
| 4.1. Жердин бети, табигый аймактар, климат, ландшафт, табигый ресурстар | - Континенттер, океандар жана негизги деңиздер. Жаратылыш рельефинин формалары: тоолор, талаалар, өрөөндөр жана чөлдөр. Суу ресурстары: дарыяларды, көлдөрдү жана жер астындагы сууларды аныктоо;<br>- Табигый аймактарынын өзгөчө касиеттери: климатты, өсүмдүктөрдү жана жаныбарлар дүйнөсүн түшүнүү; Ландшафтты калыптандыруучу табигый процесстер. Минералдык ресурстарды айырмалоо; | 2 |
| 4.2. Биологиялык системалар жана организмдер | - Организмдердин жана экосистемалардын негизги касиеттерин аныктоо; экологиялык чөйрө менен адамдын ишмердүүлүгүнүн ортосундагы байланышты түшүнүү; биологиялык принциптерге негизделген дени сак жашоо образына байланыштуу чечимдерди баалоо;<br>- Өсүмдүк жана жаныбарлар организмдеринин негизги бөлүктөрүн атай билүү; Тирүү организмдердин классификациясын практикалык кырдаалдарда колдонуу; | 2 |
| 4.3.<br>Физикалык кубулуштар. Энергия.<br>Жарык. Кыймыл. Күч. | - Табигый кубулуштарынын пайда болушуна себеп болгон факторлорду түшүндүрөт. Берилген телолорду алардын физикалык касиеттерине жараша категорияларга ажыратуу; табигый кубулуштарынын жана процесстеринин негизги түшүнүктөрүн, ошондой эле табигый зат жана энергиясынын касиеттерин аныктоо; кубулуштарды жана процесстерди түшүнүү; | 1 |

| 5. ТАРБИЯ | | |
|---|---|---|
| 5.1. Жеке тарбия жана адеп-ахлактык баалуулуктар. | - Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын, ошондой эле туура жана туура эмес аракеттердин маңызын айырмалоо; | 1 |
| 5.2. Социалдык жана жарандык тарбия. | - Жарандык сезими жана тиешелүүлүк принциптерин реалдуу турмуштук кырдаалдарда колдонуу, ошондой эле жарандык укуктар менен милдеттерди айырмалоо; | 1 |
| **Жалпы** | | 40 |

**Когнитив көндүмдөрдүн бөлүнүшү**

*2-таблица*

| **№** | **Когнитив даража** | **Түшүндүрмөсү** |
|---|---|---|
| **1** | **Билим** | Предметке тиешелүү негизги далилдер, мыйзамдар, эрежелер, формула жана окуяларды жаттан билүү, таануу жана эске алуу. |
| **2** | **Колдоо** | Далил жана мыйзамдарды тааныш кырдаалдарда колдонуу, эсептөөлөрдү жүргүзүү жана графиктерди же диаграммаларды талдоо. |
| **3** | **Ой жүгүртүү** | Бейтааныш кырдаалда колдонуу, талдоо жана синтез, себеп-натыйжа байланышы, чечмелөө, баалоо. |

## IV. Баалоо ченеми

Тест тапшыруучунун жалпы жыйынтыгын (raw score) эсептөө үчүн ар бир туура жооп үчүн 2,5 балл, туура эмес жооп үчүн 0 балл берилет. Жалпы 100 баллды түзөт.

## V. Экзамен тартиби

Тест тапшыруучу сынакка өздүгүн тастыктоочу документ менен келип, сынак уюштуруучусу белгилеген тартипти сактайт. Сынак башталганга чейин сынак тапшыруучуларга тапшырмаларды аткаруу жана жоопторду белгилөө тартиби түшүндүрүлөт.

*Мүмкүн болбогон каражаттар:* сынак учурунда мобил телефон, акылдуу саат, планшет же электрондук эскерткичтерден пайдаланууга катуу тыюу салынат.

*Адеп жана тартип:* нуска көчүрүү, жардам суроо же жардам берүү, экзамен учурунда сүйлөшүү, уруксатсыз чыгуу сыяктуу абалдарга тыюу салынат. Эгерде эреже бузуу аныкталса, ал белгиленген тартипке ылайык катталат жана сынак тапшыруучу сынактан четтетилиши мүмкүн.

Көзөмөлдөөчү тартип бузууну аныктаган учурда аны расмийлештирип, талапкерди тестирлөөдөн четтетет жана анын жыйынтыгы жокко чыгарылат.

## VI. Сунуштала турган негизги адабияттар


1. 1. **Эне тили окуу сабаттуулугу 2-класс** А.Тойчубаева Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2021. -120 б.
2. **Эне тили жана окуу сабаттуулугу 3-класс** А.Тойчубаева Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. -144 б.
3. **Эне тили 4-класс** үчүн жалпы орто билим берүүчү мектептердин окуу
4. **Кыргыз тили. 5-класс** үчүн окуу китеби / Ш. Уринбаева Ташкент:, «Novda» 2022. -224 б.
5. **Кыргыз тили. 6-класс** үчүн окуу китеби / Ш. Уринбаева Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. -224 б.
6. **Кыргыз тили. 7-класс.** Ш. Уринбаева ж.б. Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. -224 б.
7. **Адабият. 5-класс** үчүн окуу китеби /М.А.Темирова Ташкент: «Novda»2022. -224 б.
8. **Адабият. 6-класс** үчүн окуу китеби /М.А.Темирова Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. -224 б.
9. **Окуу китеби: 4-класс** үчүн окуу китеб/ Г.Ералиева, -Ташкент: «O’zbekiston» БПЧҮ, 2024.-176 б.
10. **Математика 2-класс** (Текст): окуу китеби/ Л.Орунбаева ж.б.-Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2021. -192 б.
11. **Математика 3-класс** (Текст): окуу китеби/ Л.Орунбаева ж.б.-Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. -192 б.
12. **Математика 4-класс** (Текст): жалпы орто билим берүүчү мектептердин окуу китеби. Бикбаева Н.У.Ташкент «O’qituvchi» БПЧҮ, 2020.-208 б.
13. **Тарбия: 2-класс** окуу китеби. 1-басылымы. Н.Исматова ж.б –Т.Гафур Гулам атындагы басма-полграфиялык чыгармачылык үйү, 2020. -80 б.
14. Т**арбия: 4-класс** окуу китеби. 1-басылымы. Усманова О.В. ж.б –Т. “Novda” 2025. -80 б.
15. **Табигый илимдер 2-класс** үчүн окуу китеби/ К. Суяров ж.б. –Ташкент Республикалык билим берүү борбору, 2021. -120 б.
16. **Табигый илимдер 3-класс** үчүн окуу китеби/ З. Сангирова ж.б. –Ташкент Республикалык билим берүү борбору, 2022. -136 б.

17. **Табият таануу. 4-класс** жалпы орто билим берүүчү мектептердин окуу китеби/ А. Бахрамов ж.б. –Ташкент «Sharq» 2020. -120 б.

**Кошумча адабияттар**

1.Кыргыз тилинин сөздүгү. Биринчи бөлүк. -Б.: “AVRASYA PRESS”, 2011. -880 б.

2. Кыргыз тилинин сөздүгү. Экинчи бөлүк. -Б.: “AVRASYA PRESS”, 2016. -891 б.

3. Rahmatullayev Sh., Mahmudov N., Xolmanova Z., Oʻrazova I., Rixsiyeva K.: “Oʻzbek tili frazeologik lugʻati” Gʻ.Gʻulom: Toshkent – 2022 y.

4. Begmatov E.A., Madvaliyev A.R., .Odilov Y.R. “Oʻzbek tilining katta imlo lugʻati” “Kafolat print company”: nashriyoti Toshkent – 2023y.

5. Madvaliyev A., Mahkamov N., Xudoyberganova D., Odilov O.: “Oʻzbek tilining izohli lugʻati” “Oʻzbekiston nashriyoti” Toshkent – 2021y.

**Эскертүү:** Тесттик тапшырмалардын мазмуну сунушталган адабияттарда чагылдырылган мазмунга, принциптерге жана ыкмаларга шайкеш келет, бирок тесттик тапшырмалар түздөн-түз булактардан алынбайт. Квалификациялык сыноого даярдануу процессинде сунуш кылынган адабияттар эсте сактап калуу булагы катары кызмат кылбастан, жалпы кесиптик даярдыкты бышыктоого багытталган.